Макулдашылды:

Соц.педагог_________Кокумбаева Ч.

«Шапак Рысмендеев атындагы жалпы орто билим берүү ... мектеби

**Майып балдарга кызмат корсотүү жобосу**

КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2017-жылдын 8-июн...
Мыйзамдарынын
негизинде

**1. Жалпы жоболор**

**1.1.**КР "Балдардын ковенциясы" 33-беренесинде окуучуларды ... жана
социалдык жактан коргоо мамлекет курагына, жынысына, этностук жана ...
таандуулугуна, окуудагы жетишкендиктерине, социалдык-экономикалык ...
карабастан балдарды жалпы билим берүү процессине тартуу боюнча аларды социалдык
жактан коргоо саясатын жүргүзөт жана жетим балдарды, ошондой эле ден соолугунун
мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды мамлекет камсыздоого алат. Жетим балдар жана
атаэнелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн мектептин коргоосу менен жатак
мектептерден башталгыч жалпы билим,жалпы негизги билим ... билим алуу
укугуна
ээ болушат.

**1.2.**Дене-боюнун же акыл-эсинин осүшү жагынан бузулушу бар балдар ...
дарылоону,
тарбиялоону жана окутууну, социалдык жактан байыр алуусун жана ...
камсыз кылуучу атайын топтор, класстар же уюмдар уюштурулат.

**1.3.**Дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө бузулуулар бар балдар үчүн класстарды ачуу
жана
жоюу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан же ыйгарым укуктуу
мамлекеттик орган менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте
макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө
ашырылат.

**1.4.**Балдарды бул уюмдарга жиберүү билим берүү тутумунун психологиялык
медициналыкпедагогикалык консультацияларынын корутундусу боюнча гана ата-
энелеринин (мыйзамдуу
окулдөрүнүн) макулдугу менен, белгиленген тартипте жүргүзүлөт.
Психологиялыкмедициналык-педагогикалык консультациялардын иштөө тартибин
Кыргыз
Республикасынын Өкмөтү аныктайт. Бул уюмдарга жиберилүүчү ...
мамлекеттин
толук камкордугунда туруучу балдардын категориялары билим берүү жана саламаттык
сактоо чөйросүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат.
Медициналык көрсөтүүлөр бар болгондо, дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө
бузулуулары бар балдарды окутуу ата-энелеринин макулдугу менен, Кыргыз
Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте, үйдө окутууну кошуп алганда жекече
формада жүргүзүлөт. Оорулардын тизмеги билим берүү жана саламаттык сактоо

Сканировано с CamScanner

чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат.

**1.5.**Социалдык жактан коркунуч туудурган жана тарбия берүү менен окутуунун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар үчүн аларды окутууну, кесиптик даярдоону жана медициналык-социалдык жактан калыбына келтирүүнү камсыз кылуучу атайын окутуукөмөкчү уюмдары түзүлөт.

**1.6.**Балдарга социалдык коркунуч туудурган жана өзгөчө тарбия берүүгө жана окутууга муктаж болгон окуучуларды балдар уюмдарына жиберүү соттун чечими боюнча гана жүзөгө ашырылат.

**1.7.**Түзөтүү-эмгек мекемелеринде жаткан балдар үчүн ошол уюмдардын администрациясы жана Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы тарабынан жалпы негизги жана кесиптик башталгыч билим берүү, ошондой эле өз алдынча билим алуу үчүн шарттар түзүлөт.

**1.8.**Билим берүү процессин уюштурууга жалпы талаптар ДМЧБ үчүн билим берүү процессин уюштуруу КР ББжИМ тарабынан иштелип чыгарылган жана бекитилген «Наристе» мектепке чейинки даярдык программасы боюнча, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, 2012-2020-жылдарга Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын, Жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү жобо, билим берүү уюмунун Уставын жана башка бир катар документтерди аткаруунун алкагында жүргүзүлөт.

**1.9.**Мектеп билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана жүргүзүүнүн негизги маселелери боюнча, анын ичинде балдарды кабыл алуунун эрежелерин, которуунун тартибин жана негизин,балдарды чыгаруунун жана кайра кабыл алуунун эрежелерин, мектептин жана балдардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосунда мамилелердин келип чыгуусунун, токтото туруунун жана токтотуунун тартибин регламенттеген локалдык ченемдик актыларды кабыл алат.

**1.10.** ДМЧ балдарды мектепке чейин окутуу программасы боюнча окутууга билим берүү мекемесине кабыл алуу, психологиялык-медициналыкпедагогикалык комиссиянын чечиминин негизинде, балдардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызы боюнча жүргүзүлөт.

**2. Майып балдарды мектепке кабыл алуу**

**2.1.**Мектепте кабыл алуу мектептин директорунун буйругу менен жол-жоболоштурулат.

**2.2.**Баланы мектепке кабыл алууда мектеп менен баланын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосунда келишим түзүлөт.

**2.3.**Окутуу күндүзгү, дистанттык окуу, үйдөн окуу формасында жүргүзүлөт.

**2.4.**Балдарды мектепке чейинки даярдык программаны өздөштүрүү жүргүзүлөт.балдарды

Сканировано с CamScanner

Макулдашылды

«Бекитемин»

аралык жана жыйынтык аттестациялоо менен көштолбойт. ДМЧчектелген ар бир бала үчүн
мектепке чейинки даярдык программасынөздөштүрүүсү боюнча жеке план түзүлөт. ар бир
жылдын сентябрь жана май айларында диагностикалык изилдөө жүргүзүлөт. Аныкталган мөөнөттүн ичинде программа өздөштүрүлбөй калса, программаны кайталап өтүүгө уруксат
берилет.

**2.5**.Мектепке чейинки даярдык программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктары боюнча. баланын
андан аркы билим алуусунун маршрутун аныктоо үчүн ПМПК чогулат.

**2.6.**ДМЧ балдар үчүн арналган кошумча билим берүү кызматтарын ишке ашыра алат (логопед,
дефектолог, психолог ж.б.) ошондой эле ата-энелердин жана КР мыйзамдары боюнча тыюу
салынганкаржы булактарынын эсебинен коштоо уюштура алат.

**2.7.**Окуу планы, расписание, балдарды мектепке даярдоо класстарынын/топторунун күндөлүк
режими «Наристе» программасына туура келет.

**2.8**.Мектепке чейинки даярдык программасы боюнча окутуу аякталгандан кийин мугалим ДМЧ
балага мүнөздөмө толтурат, жана анда окутууишмердүүлүгү жана окутуу мотивациясы жазылат, ошондой эле андан аркы окутуу жана тарбиялоо боюнча биринчи класстын мугалимдери үчүн сунуш көрсөтмөлөр берилет .

**3. Программаны жүзүгө ашыруу**

**3.1**.Программаны жүзөгө ашырууда педагог:

- балдар менен иштешүүнүн мазмунун жана аны уюштурууну. ар бир баланын эмоционалдык
бакубатчылыгы жана өнүгүүсү үчүн шарттарды ойлонот;
- балдар коомчулугунда биргелешип жашоонун бардык балдар үчүн бирдей тартиптерин аныктайт, анын ичинде, укуктардын теңдиги, бири-бирине жакшы мамиле кылуу. жардамга
келүүгө, колдоого даярдык;
- балдардын өнүгүүсүн педагогикалык коштоонун гуманисттик принциптерин сактайт. алардын ичине кам көрүү, жылуу мамиле, ар бир балага кызыгуу. колдоо жана ийгиликке багыт берүү, балалык өз алдынчалыкты, демилгелүүлүктү өнүктүрүү кирет;
- балдар менен заманбап педагогикалык позицияларга негизделген, өнүктүрүүчү өз ара иштешүүнү жүргүзөт: «Кел, чогуу жасайбыз»,«Карап көрчү, мен муну кантип жасаймын»; «Мени үйрөт, муну жасоого мага жардам бер»;
- балдар менен биргелешип иштөөнү (оюн, эмгек, байкоо жүргүзүү ж.б.) жана балдардын өз
алдынча иштөөсүн айкалыштырат;
- балдардын тажрыйбалык жана таанып билүү тажрыйбасын. алардын эмоцияларын жана дүйнө жөнүндө түшүнүгүн байытуучу билим берүү жагдайларын күнүгө пландаштырат.
- өнүктүрүүчү предметтик-мейкиндик чөйрөсү түзөт;
- ар бир баланын өз алдынчалуулугу жана балдардын өз ара мамилелери кантип өнүгүп

Сканировано с CamScanner

жатканына байкоо жүргүзөт;
- ата-энелер менен кызматташат, ДМЧБ тарбиялоонун жана окутуунун маселелерин алар
менен бирге чечет;
**3.2.**Билим берүү ишмердүүлүгү балдардын жашына ылайыктуу формасынын түрү оюн болуп
эсептелет.
**3.3.**Билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмуну «Наристе» программасында бекитилген билим
берүү жааттарынын милдеттерин жүзөгө ашырууга багытталган, бул жааттардын ар бири коррекциялык иштер орун ала алат.
**3.4.**Педагог ДМЧ балага жекече мамилени эске алуу менен билим берүү иштеринин мазмунун
өзгөртүүгө жана толуктоого карата иш жүргүзөт.

**4. Билим берүү уюмуна кирүү.**

**4.1.**Таяныч-кыймыл аппараты бузулган ДМЧ балдар үчүн билим берүү уюмуна кире бериште
пандус орнотуу зарыл. Пандус коляскада отурган бала боюнча өз алдынча көтөрүлүп жана кайра түшө алгандай болуп, жетишээрлик эңкейиш болуусу зарыл. Пандустун туурасы 90 см-ден кем болбошу керек. Пандустун зарыл атрибуттары болуп тосмо жээк (бийиктиги - 5
см кем эмес) жана кармоочтор (бийиктиги - 50-90 см), эсептелет, алардын узундугу ар бир тарабынан пандустун узундугунан 30 см-ден ашыгыраак болушу керек. Тосмо жээктер колясканы сыйгаланып кетүүдөн сактайт.Эшиктер пандустан карама-каршы жакка ачылышы
керек, болбосо бала коляска менен ылдый түшүп кете албайт. Билим берүү уюмунун кире беришин кайтаруучулар үчүн коңгуроо менен жабдуу сунушталат.
**4.2.**Билим берүү уюмунун ички мейкиндиги Коридорлорду билим берүү уюмунун бүтүндөй
периметри боюнча кармоочтор менен жабдуу зарыл. Эшиктердин кеңдиги 90 см-ден кем болбошу керек, антпесе майып коляскасында отурган адам ал аркылуу өтө албайт.
**4.3.**Инклюзивдүү класста майып коляскасынын жардамы менен гана жүргөн бала окуса, ал эми
билим берүү уюму көп кабаттуу болсо, расписаниени инклюзивдүү класста окуган окуучулардын сабактары билим берүү уюмунун 1-кабатында гана өтө тургандай кылып пландаштыруу зарыл.

**5. Кийим котоорууучу жай**

5.1.ДМЧ балдарга кийим котоорууучу жайдын бир четинен өзүнчө аймак болуп керек, жана аны кармоочтор, отургучтар, текчелер, баштык жана кийимдер үчүн илгичтер менен жабдуу кажет.Ошондой эле бул максатта өзүнчө чакан бөлмө болуп берүүгө болот.

**6. Ашкана**

**6.1.**Ашканада ДМЧ окуучулар өтө ала турган аймактарды карштыруу зарыл. Майып коляскасы
эркин жүрүүсү үчүн столдордун ортосундагы аралыкты 1.1 м чейин кеңейтүү сунушталат. Бул столдор ашканадагы буфеттик стойкага жакыныраак туруш дурус. Бирок ошол эле учурда, ДМЧ балдарды башка классташтарынан өзүнчө отургузууга болбойт.

Сканировано с CamScanner

**7. Дааратканa**

**7.1.**Даараткaналарда таяныч-кыймыл аппараты бузулган ДМЧ балдар үчүн(анын ичинде коляска менен жүрүүчү балдарга) атайын жабдылган даарат кабинкасын орнотуу керек. Анын аянты 1,65мх1,8 м кем эмес болуусу шарт.Атайын кабинанын эшигинин кендиги 90 см кем болбошу керек. Кабинанын ичинде,унитаздын бир тарабында кресло-колясканы жайгаштыруу үчүн бошорун болушу керек, креслодон унитазга отуруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн. Кабина кармоочтор, штангалар, асма трапециялар ж.б. менен жабдылышы керек. Бул элементтердин бардыгы бекем орнотулушу зарыл.Даараткaнада бирден кем эмес раковинаны полдон 80 см бийиктикте орнотууабзел. Күзгүнүн төмөнкү чети жана колду кургатуучу электр прибору, сүлгү жана даарат кагазы көрсөтүлгөн бийиктикте орнотулушу керек.

**8. Спорт зал**

**8.1.**Дене тарбия залына караштуу кийим которуу жайын, чайынмаларды жана даараткaналарды ТКА бузулган ДМЧ балдар үчүн ылайыктап жабдуукерек, эшиктердин жана өтмө жолдордун туурасы 90 см кем болбошу шарт.Майып коляскасы чайынма кабинасына толугу менен кириши керек.

**9. Окуу кабинеттери**

**9.1.**Окуу кабинеттеринде ДМЧ балдардын эркин жүрүүсү үчүн кошумча мейкиндик болуусу зарыл. Коляскада отурган бала үчүн окуучулук орундун минималдык көлөмү (майып коляскасынын кайрылуусун эске алуу менен) – 1,5 х 1,5 м болушу керек.ТКА бузулган ДМЧ балдар үчүн партанын жанында майып коляскасын (эгер баа коляскадан түшүп, партага отурса),балдак, таяк ж.б. коюу үчүн кошумча мейкиндикти караштуу керек. Класста столдордун катарларынын ортосундагы кендик 90 см-ден болбошу керек. Класска кирүүчү эшик босогосуз болуп, анын кендиги да 90 см-ден кем болбошу шарт. Ошондой эле досканын жанында өтмө жолду, бала коляска менен же балдак мененоңой өтүдөй кылып бош калтыруу абзел. Эгерде сабактар доска жекандайдыр-бир жабдуу бийик жерде турган класста өтсө, ал жерди коляскада отурган окуучу чыгып кайра түшө тургандай кылып ылайыкташтыруу керек. Угуусу жабыркаган ДМЧ балдар үчүн окуу орундарын электро акустикалык приборлор жана жекече үнкулактар менен жабдуу зарыл. Начар уккан балдар үчүн сабактардын [illegible] жөнүндө кабарлап туруучу шамдарды орнотуу абзел.

**10. Билим берүү уюмунун аймагы**

**10.1.** ДМЧ балдар билим берүү уюмунун аймагы боюнча коопсуз жана тоскоолдуксуз жүрүүсүн камсыздоо үчүн, асфальтталган, тегиз, тайгалакэмес жолдорду төшөө керек. Тротуардын бордюр ташынын бир нечежеринде кендиги 90 см-ден кем эмес төмөн түшүүчү жолдорду

Сканировано с CamScanner

жасоо керек.Бул жолдорду ачык түстөгү рельефтик тилкелер менен бөлүп коюусунушталат.

Белгилерди салуу үчүн оптималдуу түстөр болуп ачык-сары,ачык-кызыл сары жана ачыккызыл түстөр саналат.

**11. Окуучулардын өзгөчө контингентин социалдык жактан коргоо**

**11.1.** Мектеп курагына, жынысына, этностук жана диний таандуулугуна, окуудагы жетишкендиктерине, социалдык-экономикалык статусуна карабастан балдардын жалпы билим берүү процессине тартуу боюнча аларды социалдык жактан коргоо саясатын жүргүзөт
жана жетим балдарды, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды мамлекеттик камсыздоого алат.

**11.2.** Балдар үйүнүн жана жетим балдар жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн
жатак мектептердин тарбиялануучулары жалпы негизги билим (орто жалпы билим) алгандан
кийин акысыз кесиптик башталгыч билим алуу укугуна ээ болушат.

**11.3.** Дене-боюнун же акыл-эсинин өсүшү жагынан бузулушу бар балдар үчүн аларды дарылоону,
тарбиялоону жана окутууну, социалдык жактан байыр алууну жана коомдо жүрүүнү камсыз кылуучу атайын топтор, класстар же уюмдар уюштурулат.

**11.4.** Дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө бузулуулар бар балдар үчүн уюмдарды ачуу жана
жоюу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан же ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

**11.5.** Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жиберүү билим берүү түзүмүнүн психологиялыкмедициналык-педагогикалык консультацияларынын корутундусу боюнча жана атаэнелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен, белгиленген тартипте жүргүзүлөт.
Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялардын иштөө тартибин Кыргыз
Республикасынын Өкмөтү аныктайт.Мектепке жиберүүдө ошондой эле мамлекеттин толук
камкордугунда туруучу балдардын категориялары билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аныкталат.
Медициналык
көрсөтүүлөр бар болгондо, дене-бойлук же акыл-эстик өнүгүүсүндө бузулуулары бар балдарды окутуу ата-энелеринин макулдугу менен,Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте, үйдө окутууну кошуп алганда жекече формада жүргүзүлөт.
Оорулардын
тизмеги мектепте май айынын аягында такталып,жаңы окуу жылына даярдалат.

**11.6.** Социалдык жактан коркунуч туудурган жана тарбия берүү менен окутуунун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар үчүн аларды окутууну, кесиптик даярдоону жана медициналык-социалдык жактан калыбына келтирүүнү камсыз кылуучу атайын окутуукөмөкчү уюмдары түзүлөт.

Сканировано с CamScanner

**11.7.** Балдарга социалдык коркунуч туудурган жана өзгөчө тарбия берүүгө жана окутууга муктаж
болгон окуучуларды балдар уюмдарына жиберүү соттун чечими боюнча гана жүзөгө ашырылат.
(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100,33-берене Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)
**11.8.** Мектеп ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга маалымат. билим алышы үчүн
зарыл болгон шарттарды түзүү кепилдигин берет.
**11.9.** Мектеп социалдык жактан коргоо органдары жана саламаттык сактоо органдары менен
бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын мектепке чейин. мектептен
тышкары тарбияланышын жана билим алышын, жалпы баштапгыч билим берүү. жалпы негизги билим берүү жекече,инклюзивдик программасына ылайык камсыз кылынат
**11.10.** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды тарбиялоо.окутуу акысыз жана жаш
курагы чектелбестен жүзөгө ашырылат.

Сканировано с CamScanner